**3.** Жалпы билим берүүчү мектептердин 3-класстары үчүн Англис тили китебине карата окуучунун жумушчу дептери окуу китебиндеги темаларга дал келет. Окуучу өз алдынча жана үйдөн аткаруучу тапшырмалар, көнүгүүлөр, мазмундуу тесттер бар. Окуучунун ишин системалуу, жеткиликтүү жана уланмалуулук принцибинде уюштурууга шарт түзөт. Көнүгүүлөрдүн мазмуну жана тапшырмалардын типтери балдардын жашына, жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө туура келет.

Окуу материалын камтышы, методикалык аппараты, көлөмү ж.б. боюнча берилген талаптарга жооп берет. Стилдик, грамматикалык мүнөздөгү каталар жок.

**А.Мамытов:** Жумушчу дептер күн тартибинде жок. Басманын өкүлү барбы?

**С.Рысбаев:** Бар, “Аркус” басмасынын өкүлдөрү катышып отурат.

**А.Мамытов:**Рабочую терадь ежегодно будете издавать? Потому что это же разовый материал.

**И.Фадин:**Наверное, это вопрос, скорее к Всемирному банку. Мы только разрабатываем и сдаем.

**И.Сарыбаев:** Нет, ежегодное издание рабочей тетради не предусмотрено.

**А.Мамытов:**3-класстары үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, окуучулар үчүн жумушчу дептери жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Берилген маалыматтан жана талкуудан кийин 3-класстары үчүн Англис тили окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун жана окуучулар үчүн жумушчу дептерин отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 3-класстары үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу, окуучулар үчү жумушчу дептери (авт.-түз-р:

Фатнева А.Г., Цуканова Н.Э., Жолчиева А.А.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**8. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 4-класстары үчүн Англис тили окуу китебинин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосунун, окуучулар үчүн жумушчу дептеринин (авт.-түз-р: Фатнева А.Г., Цуканова Н.Э., Назарбекова Г.Д.) апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди.

1. 4-класстын Англис тили окуу китеби (авт.-түз-р: Фатнева А.Г., Цуканова Н.Э., Назарбекова Г.Д.) окуу китебине мугалимдин методикалык колдонмосу жана окуучунун жумушчу дептери болуп комплекс түзүлгөн.

Жалпы билим берүүчү мектептердин 4- класстары үчүн Англис тили окуу китебинин кол жазмасынын статусу так аныкталган. Аннотациясы бар. Мектептердин окуу планында каралган Чет тили предметине тиешеси бар. Окуу процессинин натыйжалуулулугун арттырууга пайдасы чоң. Окуу материалын камтышы, методикалык аппараты, көлөмү ж.б. боюнча статусуна карата коюлган талаптарга толук жооп берет. Мектеп үчүн түзүлгөн бул окуу китептин мазмуну англис тили предмети боюнча мамлекеттик жаңы стандартка жана окуу программасына туура келет. Материалды баяндап берүүдө уланмалуулук, илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк ж.б. дидактикалык принциптер сакталган. Стилдик, грамматикалык мүнөздөгү каталар жок. Колдонулуп жаткан ушундай эле жана буга чейинки китептерден айырмачылыгы бар. Ал жаңы муундагы заманбап дизайны жана белгилүү ОКСфорд басылмаларынан басылып чыккан окуу китептеринин методикасына таянуусу, адабият, география, тарых жана мекен таануу предметтери менен байланышы, ошондой эле жергиликтүү жана өлкө таануу боюнча кенен материалдар менен байланышы эсептелинет. Окуу китеби оңой, жеңил окутуучу, үйрөтүүчү материалдарды камтыйт. 68-саатка негизделип түзүлгөн, 15 тематикалык бөлүмдөн, 68 сабактан турат. Окуу китепте өзгөчө көңүл жаңы сөздөрдү активдүү колдонуп окуганды үйрөнүүгө, англис тилинин транскриптик белгилери менен таанышууга бурулган. Тапшырмалар баарлашуу жана оюн мүнөзүндө түзүлүп, окуучуларды кызыктырып, окуу процессине активдүү тартат. Көнүгүүлөрдүн мазмууну жана тапшырмалардын типтери балдардын физикалык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө карай иштелип чыккан. Мисалы, каармандардын көпчүлүгү регионалдык мүнөздө алынган.

Окуу китебинде кээ бир техникалык кемчиликтер кетирилген, алар апробатор мугалимдердин жана эксперттин сунушу эске алынып каталар оңдолуп, түзөтүүлөр киргизилди.

**2.**Жалпы билим берүүчү мектептердин 4-класстары үчүн Англис тили окуу китебине методикалык колдонмосунун статусу катары так аныкталган. Аннотациясы жазылган. Мектептердин окуу планында каралган Чет тили предметине тиешеси бар. Окуу материалын камтышы, методикалык аппараты, көлөмү ж.б. боюнча берилген статуска карата коюлган талаптарга жооп берет. Окуу китептеги темаларга толук дал келет. Стилдик, грамматикалык мүнөздөгү каталар жок.

Методикалык колдонмодо мугалим үчүн ар бир сабакка түшүндүрмө берилген. М: сабакты өтүүдө колдонулуучу ыкма, сабактын формасы, максаты, колдолуучу материалдар жана күтүлүүчү жыйынтык ж.б.

Окуучулар ээ болуучу тилдик жана кептик компетенциялар эске алынган. Негизги темаларга жараша үлгү иштелмелер камтылган. Бул китеп боюнча мугалимдердин пикирлери оң. Басууга сунуштоого болот.

**3.**Жалпы билим берүүчү мектептердин 4-класстары үчүн Англис тили окуу китеби боюнча окуучулардын иш дептеринде окуучунун өз алдынча иштөөсүнө айрыкча маани берилген.

Ал окуу китептеги темаларга толук дал келет. Анда окуучу үйдөн аткаруучу тапшырмалар, өз алдынча иштөөчү көнүгүүлөр, тесттер ж.б. орун алган мазмуну системалуу, жеткиликтүү жана уланмалуулук принцибин сактап түзүлгөн.

Окуу материалын камтышы, методикалык аппараты, көлөмү ж.б. боюнча берилген статуска жооп берет. Стилдик, грамматикалык мүнөздөгү каталар жок. Көнүгүүлөрдүн мазмуну жана тапшырмалардын типтери балдардын жашына, физикалык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө карай иштелип чыккан.

Мурдагы кээ бир кетирилген техникалык кемчиликтер авторлор тарабынан оңдолду. Басып чыгарууга сунуштоого болот.

**А.Мамытов:** Эксперты, авторы присутствуют? Где рабочая тетрадь?

**С.Рысбаев:** Бар болчу, таппай калдык.

**А.Мамытов:**Рабочая тетрадь не предоставлена. Утверждаем учебник и методическое пособие. 4-класстар үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Берилген маалыматтан жана талкуудан кийин 4-класстар үчүн Англис тили окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 4-класстары үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу(авт.-түз-р: Фатнева А.Г., Цуканова Н.Э., Назарбекова Г.Д.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**9. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Англис тили окуу китебинин мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун, окуучулар үчүн жумушчу дептеринин (авт.-түз-р: Балута О.Р., Абдышева Ч.А., Назарбекова Г.Д.) апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана көп тилдүү билим берүү лабораториясынын башчысы п.и.д., профессор С.Рысбаев төмөнкүлөрдү билдирди:

1) 6-класстар үчүн Англис тили окуу китеби окуу планда каралган 6-класстар үчүн англис тилинен билим берүүгө арналып, стандарттын талаптарына ылайык, окуу программасынын негизинде жазылган. Мектепте жүргүзүлгөн сынак иштеринде окуу китептин мазмуну, түзүлүшү туурасында мугалимдер оң пикирлерин айтышкан.

Негизинен, окуу китепте англис тили боюнча окуучулар билүүгө тийиш болгон предметтик компетенциялар, окутуу процессинин натыйжалуулугун өстүрүүгө жараша методикалык багыттар туура берилген. Кептик жана тилдик компетенцияларды калыптандырууга жараша окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн стимулдаштыруунун талаптары эске алынган. Предмет аралык байланыштар чагылдырылган.

Китепте предметтик мазмун илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, турмуш практика менен байланыштуулук, мекен таануучулук принциптер сакталган. Окуу милдеттери камтылган тапшырмалар менен суроолор логикалуу. Берилген материалдар окуучулар үчүн кызыктуу болуп, алардын сөз байлыгын, коммуникативдик компетенцияларын өстүрүүгө багытталган.

Окуу китебинин методикалык аппараты суроо-талапка жооп берет. Окуу китебинде тексттер мазмундуу, кошумча графикалык тапшырмалар,таблицалар, диаграммалар жана иллюстративдик материалдар орундуу. Стилистикалык,граматикалык,техникалык айрым каталары авторлорго көрсөтүлүп, алар түзөтүлдү.

Сыноо убагындагы практик мугалимдер тарабынан айтылган оң маанидеги ой-пикирлерди эске алуу менен, эксперт катары 6-класстар үчүн англис тили окуу китебин басмага сунуш кылууга жарактуу деп эсептесе болот.

**А.Мамытов:** Эксперт барбы? Экспертизанын талабы боюнча канча пункт бар? Сиздин пикириңиз эки пункттан турат экен, колуңуз жок. Кайда иштейсиз?
**Эксперт:** №5 мектепте.
**А.Мамытов:** Мындай болбойт. Милдетиңизди аткарышыңыз керек. Тартип боюнча жазышыңар керек.
2. 6-класстардын Англис тили окуу китебине карата жазылган мугалимдер үчүн колдонмосу окуу китеп менен иштөөгө карата мугалимдер үчүн методикалык сунуштарды камтыйт. Окуу китепте камтылган окуу материалдарын мугалим сабакта кантип колдонот, сабактын кандай типтерин, формаларын пайдаланат, кандай методдорго таянат, сабакта окуучулардын кантип тилдик жана кептик компетенциялары калыптанат ж.б. маселелерди чечүүнүн жолдору сунушталган.

Ошону менен бирге, тил үйрөтүүдө мекен таанутуу мүнөзүндөгү материалдарды кантип колдонуу жолдору, алар боюнча балдар менен катип маектешүүлөрдү жүргүзүү тууралуу кеңештер берилген.

Негизинен, методикалык колдонмо тууралуу мектеп мугалимдеринин пикирлери жакшы. Айрым сунуштар, каталар авторлоруна көрсөтүлдү. Аларды авторлор оңдоп, толукташты. Ошондуктан, аталган колдонмону басмага сунуштоого болот.

3.Иш дептери окуучуларга арналган. Анда англис тили боюнча окуучулардын өз алдынча иштөө боюнча көндүмдөрүн калыптандыруу жумуштарын аткаруу каралган. Тактап айтканда, 6-класстардын окуучулары сабакта өтүлгөн материалдарды өз алдынча түшүнүү, ой жүгүртүү, сүйлөмдөрдү, диалогдорду толуктоо, класста алган билимин үйдөн бышыктоо, компетенттүүлүктөрдү бекемдөө иштеринин багыттары көрсөтүлгөн.

Окуучулардын иш дептери окуучулардын теориялык билими менен практикалык көндүмдөрүн жана логикалуу ой жүгүртүүлөрүн өстүрүүгө көмөктөшөт.

Жыйынтыктап айтканда, 6-класстын Англис тили окуу-методикалык комплекcти мектепте колдонууга болот.
**А.Мамытов:** Окуу китеби, методикалык колдонмо бар, жумушчу дептери Окумуштуулар кеңешине алып келинген жок. Ошондуктан окуу китеби менен методикалык колдонмону бекитебиз.

Сулайман Казыбаевич, сиздин лабораториядан 9 китеп келди, эксперттер менен толук кандуу иш алып барган эмессиңер. Колдору жок, тартип менен жазылган эмес. 9 пункт менен кайрадан жаздыргыла.

6-класстар үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Берилген маалыматтан жана талкуудан кийин 6-класстар үчүн Англис тили окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Англис тили окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Балута О.Р., Абдышева Ч.А., Назарбекова Г.Д.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**10. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн окуу Адам жана коом китебинин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Осмонов Ө.Ж., Жыргалбекова Г.К., Керимова Ш.К., Саалаев Ө.С.) апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, эксперт М.Иманкулов апробациянын жыйынтыгын маалымдап төмөндөгүлөргө токтолду.

Сынакка Кыргызстандын бардык областарынын, Бишкек шаарынын мугалимдери катышты. Жалпысынан сынак өткөргөн 33 мугалим окуу комплекси негизинен жарайт деген пикирин билдиришти. Бул предмет жаңы киргизилип жаткандыгына байланыштуу, окуу китеби алгачкы жолу жазылып жатат. Адам жана коом сабагынын 5-класстан баштап киргизилүүсү эң чоң ийгилик деп эсептешет.

Мугалимдер жана эксперт окуу-методикалык комплексинин оң жактары белгилешти:

1. 5-класстар үчүн жазылган Адам жана Коом окуу китеби программага, окуу планына ылайык окуу жылында 1 сааттан 34 саат эсептелинген.
2. Окуу китебиндеги темалардын көлөмү окуу планына убакыттын ченемине дал келет. Мазмунуиреттүү берилген.
3. Адам жана Коом окуу китебин жазууда авторлор балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алууга аракет жасаган.
4. Авторлорбулкитептешарттуубелгилер, кошумчаграфикалыктапшырмаларды, таблицаларды, татаалсөздөргөж.б. түшүнүктөрдүбергенгеаракеттенишкен.
5. Китептеги темаларда адам, адамдын өзгөчөлүгү, кулк-мүнөзү, сезими, маанайы жөнүндө материалдар камтылган. Ошондой эле коомдогу адамдын орду, адамдар менен болгон мамилеси жөнүндө жазылган. Ар бир адамдын үй-бүлөсү, достору менен мамилеси берилген. Темаларда улуу ойчулдардын сөздөрү камтылып кеткен. Сүрөттөр жана схемалар менен толукталган.
6. Окуу китебинин география, адабият, математика предметтери менен байланышы бар.

Ошону менен бирге мугалимдер жана эксперт окуу-методикалык комплексин оңдоону, жакшыртууну талап кылган сын-пикирлерин да билдиришти. Аны автордук жамаат эске алууга тийиш:

1. Темалар менен стандарт айырмачылыгы иреттүүлүк китеп темаларында сакталган эмес.
2. §2. Тукум куучулук деген теманын кошумча окууучун тексте инстинкт жөнүндө маалымат берилген. Ал илимий тилде жазылган, жаш өзгөчөлүгүнө караган эмес. §5. «Кулк мүнөз, сезим жана маанай»деген темада маалымат өтө көп. Сезим жана маанайды түшүндүрүүдө жөнөкөй тил менен жазылган эмес. §9. Коом деген эмне? деген темада да коом жөнүндө түшүнүк берүүдө чоң класстын окуучуларына түшүнүк бергендей берилген.
3. Кызыктуу болуусу үчүн сүрөттөр түстүү болсо жана тексттер берилсе, кроссворддор болсо.
4. Китеп мындан да кенениреек жөнөкөйлөтүп жазылса.

Апробация учурунда мугалимдердин пикирлери автордук жамаатка 2017-жылдын - ноябрында жана 4-январында 2 жолу берилген, рецензенттердин жана мугалимдердин сунуштарын эсепке алуу менен кайрадан иштеп чыгуу керектиги эскертилип, 2018-жылдын 12-январында оңдолгон кол жазмаларды тапшыруу сунуш кылынган.

Эгерде окуу комплекси айтылган сунуш-пикирлерге ылайык кайрадан иштелип чыгылып, аталган мөөнөттө тапшырбаса, кол жазмаларды ушул абалда колдоого алынбай калышы мүмкүн деген пикир автордук жамаатка билдирилген.

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, эксперт М.Иманкулов мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө маалымат берди.

Методикалык колдонмо менен китептеги айрым темалары дал келбейт. Темаларда суроолор аз берилген. «Тукум куучулук» деген темада биология предмети берилген, Адам жана коом сабагы жок. «Улут» деген темада улут жөнүндө берилбестен улуттук оюндар жөнүндө берилип калган.

4-беттеги рефлекстерди биологияны окуйсуң деп күтпөй эле кошумча маалымат катары киргизиш керек же болбосо алып салыш керек.

5-кл. 79-бет – схемада орус тилиндеги китепте кыргызча сөз жазылып калган.

5-кл. §1 – биринчи абзац туура эмес формулировка болуп калган.

6-кл. §2 – негизсиз, кереги жок сүрөт киргизилип калган

Окуу китебин түзүүчүлөр, авторлор 6-класстардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, болушунча текстеги материалдарды жөнөкөйлөтүп, жалпак (балдарга түшүнүктүү)тилде, турмуштук мисалдарды дагы көбүрөөк келтирип берсе жакшы болмок. Негизги бир чоң ката бул китепте удаалаштык принциби сакталбай калганын белгилөө керек. Окуу китепти ачканда эле адам жашоосунун табигый чөйрөсү деген темадан баштоодо. Мунун ордуна предметтин мааниси, эмне жөнүндө жана башка адам коомуна байланыштуу темалардан берсе.

Көрсөтүлгөн кемчиликтерди оңдоо менен методикалык колдонмону колдонууга сунуштаса болот.

**А.Токтомаметов:** Кемчиликтер канчалык деңгээлде? Оңдосо болобу?

**М.Иманкулов:** Оңдоп жатышат, оңдосо болот. Акыркы вариантын алып келишет.

**А.Токтомаметов: Методикалык колдонмодо жаңылыктар чагылдырылганбы?**

**А.Мамытов:** Кемчиликтерди көп чогултуп келдиңер, 20дан 50гө чейин. Кемчиликтерди экиге бөлгүлө: негизги кемчиликтер жана жеңил каталар. Негизги кемчиликтер методологиялык деңгээлде, илимий өңүттө, орчундуу, концептуалдуу болуш керек. Калганы Силер чогултуп келген кемчиликтер орчундуубу деп сурасам, орчундуу эмес деген жоопту алып жатам.

Анда эмесе добушка коем. 5-класстар үчүн окуу Адам жана коом китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмо жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Талкуудан кийин 5-класстар үчүн Адам жана коом окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн окуу Адам жана коом китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Осмонов Ө.Ж., Жыргалбекова Г.К., Керимова Ш.К., Саалаев Ө.С.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**11. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн окуу Адам жана коом китебинин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Осмонов Ө.Ж., Жыргалбекова Г.К., Керимова Ш.К., Саалаев Ө.С.) апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, эксперт М.Иманкулов апробациянын жыйынтыгы тууралуу билдирүү жасады.

1. Окуу китебинин статусу аныкталган. Окуу китеби окуу планында каралган сааттардын чегинде, окуу программасына багыт алып даярдалган. 6-класстын Адам жана коом окуу китебиндеги теманын көлөмү окуу планындагы убакыттын ченемине дал келет. Авторлор кол жазманын мазмунун ирettүү жана программага ылайык кылууга аракет кылышкан.

Ошондой эле окуу китебинде кээ бир кемчиликтер да жок эмес:

- окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келбейт;
- түшүндүрмөсү жок;
- суроолор теманын мазмунуна туура келбей калган;
- темалар бири-бири менен дал келбейт;
- окуу китебине жогорку окуу жайда өтүлүүчү темалар да кирип калган;

- сабактын планы менен календарлык план бири-бирине айкашпай калган.

1-тема «Адамдын жашоосунун табигый чөйрөсү» деп аталат. Мында авторлор экологияга басым жасашкан. Эреже боюнча бир абзацта 6-класстын окуучулары үчүн текст 15-20 сөздөн ашпашы керек болсо, бул темада өтө узак созулган тексттер орун алган. Ал окуучулар үчүн оорчулукту туудуруп калат экен. Текст илимийлүүлүккө негизделген, бирок теманын аягында кошумча окуу үчүн темага тиешеси жок эле текст кирип калган. Кээ бир беттерде негизсиз, кереги жок сүрөт киргизилип калган. Стилдик, грамматикалык жана техникалык мүнөздөгү каталары кездешет.

Негизинен окуу китебинин кол жазмасы эксперттин жана апробация өткөргөн мугалимдердин пикирин эсепке алуу менен, предметтик стандарттын талаптарына ылайык кайра иштелгенден кийин басып чыгарууга болоорун билдирди.

2. 6-класстары үчүн Адам жана коом окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун статусу аныкталган. Колдонмо программага ылайык түзүлгөн, окуу планына дал келет: Адам жана коом сабагы жумасына 1 сааттан, жылына 34 саат окутулат, колдонмодогу материалдар сааттарга ылайык даярдалган.

Колдонмону апробацияга катышкан мугалимдердин кээ бирлери кайра иштеп чыгуу керек деген сунуштарын айтышты. Мисалы: “Мугалимдер үчүн колдонмо” менен окуу китебинин байланышы, сабактын натыйжалуулугун арттырууга пайдасы начар, мугалим үчүн усулдук жардам жеткиликтүү деңгээлде эмес. Колдонмо менен китептеги айрым темалар дал келбей калган. Темаларда суроолор аз берилген. Татаал сөздөргө түшүндүрмө берилген эмес. Ошол эле убакта окуучуларга бир аз оор материалдар берилген. Мисалы: темперамент жөнүндө 9-класстын окуучулары окуса болмок. Рефлекс жөнүндө окуучулар 9-класста биологиядан окушат. Стилдик, гармматикалык жана техникалык мүнөздөгү каталары кездешет. Аталган кемчиликтерди оңдосо болот.

Жыйынтыгында 6-класстын Адам жана коомокуу китебинин методикалык колдонмосун кайрадан карап, толуктап, айтылган кемчиликтерин оңдогондон кийин басууга сунуштаса болот.

Талкуууга А.Мамытов, А.Токтомаметов, М.Иманкуловдор катышып, 6-класстын Адам жана коом окуу китеби менен мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо кетирилген каталар оңдоло турган каталар экендиги тууралуу айтылды.

Талкуудан кийин 6-класстар үчүн Адам жана коом окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн окуу Адам жана коом китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Осмонов Ө.Ж., Жыргалбекова Г.К., Керимова Ш.К., Саалаев Ө.С.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

12. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн окуу География окуу китебинин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Жунушалиева К.К. Мырзаева Р.А.) апробациядан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.

**Угулду:** Социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, эксперт М.Иманкулов апробациянын жыйынтыгын маалымдап төмөндөгүлөргө токтолду.

География окуу китеби жаңы бекитилген предметтик стандарттын, окуу программанын чегинде жазылган. Окуу китебинин жалпы жабдылышы жакшы, талапка ылайык келет. Окуу китебиндеги материалдар бөлүнгөн саатарга туура келет. Окуу китебинде тексттик компоненттер канаатандыраарлык деңгээлде жайгаштырылган. Географиялык терминдер туура, системада берилген. Окуу материалы системалуу

баяндалган. Китептеги материалдар окуучулардын билимди өз алдынча ала алуусуна тааныш чөйрөдөн, турмуштук тажрыйбалардан алынган.

Апробация учурунда эксперт жана мектеп мугалимдери биргеликте окуу китебинин мазмуну, методологиясы боюнча талкуулап, авторлорго оңдоп түзөө үчүн сунуштар беришти:
- теманын мазмунунда географиялык картаны колдонуу үчүн мүмкүн болсо картаны окуу китепке кийирүү зарыл, себеби мектептерде карталар жокко эсе;
- көп бөлүмдөргө окуу процессинде натыйжаны аз берүүчү сүрөттөр көрсөтүлгөн аларды алып салып пайдалуу маалыматтарды берүү керек;
- берилген 3,4 темага бир сааттан кошулса жакшы болот, себеби географиялык карталарды глобусту, жердин планын топокартаны жакшы өздөштүрбөй туруп географиялык билимди алуу кыйын, сааттарды 3 разделден алса болот;
- кошумча терминдерди, түшүндүрмөлөрдү берүү керек;
- сүйлөмдөрдүн көлөмүнүн көпчүлүгү (70%) 13-35 сөздөн тургандыктан, аны 11-12 сөздөн ашырбоо зарыл.

Окуу китеби жалпысынан канааттандырарлык деңгээлде жазылган, бирок кемчиликтерин оңдогондон кийин гана басмага берүүгө болот.

Талкууга А.Мамытов, А.Токтомаметов, М.Иманкуловдор катышып, рецензия 15 пункт менен жазылганы, рецензияны жазуу эрежеси колдонбогондугу тууралуу айтылды. Рецензия окуу китебине жазылып, мугалимдер үчүн методикалык колдонмого жазылбай калган. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмону эреже менен даярдап кийинки Окумуштуулар кеңешинин отурумуна алып чыксын деген чечимге келишти. Талкуудан кийин 6-класстары үчүн География окуу китебинотурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү окуу китебин колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн География окуу китеби (авт.-түз-р: Джунушалиева К.К. Мырзаева Р.А.)апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**13. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Табият таануу окуу китебинин (авт.: Мамбетакунов Э.М., Рязанцева В.А.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түзг.: Мамбетакунов Э.М.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

5-класс үчүн Табият таануу окуу китеби (авт.: Мамбетакунов Э.М., Рязанцева В.А.) жаңы предметтик стандарттын компетенттик негизде билим берүү талаптарына ылайыкталып, окуучулардан күтүлгөн натыйжалардын деңгээлдерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы, окутуунун илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, уланмалуулук, предметтер аралык байланыштарды эске алуучулук ж.б. принциптери толугу менен жүзөгө ашырылгандыгы, методикалык аппараты, көлөмү да талапка жооп бере тургандыгы апробация учурунда апробатор мугалимдердин жыйынтыктарынын негизинде тастыкталды.

Жалпылап айтканда, 5-класстар үчүн Табият таануу предмети боюнча түзүлгөн окуу китеби жаңы стандарттын талаптарына жооп берет, программа менен дал келет. Апробатор мугалимдердин, эксперттердин жана талкууда лаборатория кызматкерлеринин сын-пикирлеринин негизинде көрсөтүлгөн кемчиликтердин жана жетишпегендиктердин бардыгы оңдолду. Окуу китепти басууга сунуштаса болот.

**Угулду:** Табигый-математикалык билим берүүнүн маселелери лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

Аталган методикалык колдонмодо 34 сабактын иштелмесинде окуучулар теманы өздөштүрүү менен кантип күтүлгүүчү натыйжага жетеери баяндалат. Окуу материалынын мазмуну системалык, структуралык, жана мазмундук иш-аракеттик мамиленин негизинде түзүлдү. Демек, окутуунун багытын мына ушул негизде алып баруу абзел. Баалоонун инструментарийлеринин бири болгон тесттик тапшырмалардын үлгүлөрү берилген. Жалпы билим берүүчү мектептердин 5-класстын Табият таануу окуу китебине карата жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмону (түзг.: Мамбетакунов Э.М.) апробатор мугалимдеринин берген жыйынтыктык пикирлеринин, эксперттин корутундусунун жана лаборатория кызматкерлеринин талкуусунун негизинде басууга сунуштаса болот.

Берилген маалыматтан кийин талкууга А.Мамытов, А.Токтомаметов, Б.Рыспаевалар катышып, окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмого оң баа беришти.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү 5-класс үчүн жазылган Табият таануу окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Табият таануу окуу китеби (авт.: Мамбетакунов Э.М., Рязанцева В.А.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (түзг.: Мамбетакунов Э.М.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**14. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Биология окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосунун (авт.-түз-р: Субанова М.С., Ботбаева М.Б., Жамангулова Г.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Табигый-математикалык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын башчысы, п.и.к. Б.С.Рыспаева төмөнкүлөрдү билдирди.

6-класс үчүн Биология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо Кыргыз Республикасынын 54 мектебинде апробациядан өттү. Апробация учурунда окуу китебине жана мугалимдер үчүн окуу методикалык колдонмого эксперт катары Бишкек ш. №5 компьютердик гимназия мектебинин биология мугалими Ф.Дооронова болду.

Жалпы билим берүүчү мектептин Биология окуу китеби (авторлору: Субанова М.С., Ботбаева М.Б., Жамангулова Г.) 6-класстын окуучулары үчүн жаш өзгөчөлүгүнө китептин мазмуну туура келет. Колдонууга ыңгайлуу, түшүнүктүү жана жеткиликтүү. Окуу китебинин алгылыктуу жактары:

1. Окуу китебинин мазмуну, көлөмү балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет.
2. Окуучулардын текст менен иштөөдө кыйынчылыктар жаралбайт. Мазмуну түшүнүктүү жана жеткиликтүү. Шарттуу белгилер ыңгайлуу, окуучулардын китепке болгон кызыгуусун арттырат. Терминдерге жана жаңы сөздөргө түшүндүрмө берилген. Темалардын мазмуну ар бир саатка ылайыктуу түзүлгөн.
3. Окуу китебиндеги тексттин үч компоненти берилген, мурунку китептерден айырмаланып турат. Окуучулардын үй-тапшырмалары жана өз алдынча иштөөгө берилген тапшырмалар түшүнүктүү жана жеткиликтүү. Ар бир темага тийиштүү сүрөттөр, таблицалар, схемалар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктуу түзүлгөн.

Ошону менен бирге окуу китебин түзгөн авторлорго төмөнкү сунуштар берилет:

1. Китепте 66 параграф берилген. Эки саатты кыскартып, кайталоо сабагына жана жазуу иштерине калтыруу керек. Кыскартууларды §1-7ге чейин окшош темаларды бириктирип, кылса болот. Себеби, ар бир чейректе кайталоо сабагы жана жазуу иштери алынат. Демек, 68 сааттан көп болуп кетет.

2. Лабораториялык жана практикалык иштерге колдонулуучу каражаттар жана иштин максаты көрсөтүлүп жазылса жакшы болот.
3. Кээ бир сүрөттөрдө, эңилчектердин түрлөрү жөнүндөгү сүрөттөрдө аттары кыргызча китепте жазылбаган, орусчасында бар. 131-сүрөттө шрифттер өтө майда берилген. 157-сүрөттө мөмө-жемиштердин аттары көрсөтүлгөн эмес. 108-сүрөттө сабактын туурасынан кесилиши узартылып, чоюлуп калган, формасын өзгөрткөн.
4. 42-бетте, эндоспермге түшүнүк берилсе. §1ге ботаника деген сөзү жана термини жазылса. Терминдер алфавит боюнча окуукитебинин аягына жазылса жакшы болмок. Экинчи бөлүмдө өсүмдүктөр дүйнөсү менен жалпы таанышууда программа боюнча 5 саат берилген. Ал эми, окуу китебинде 6 параграф берилген. 1 саат ашыкча болуп калат. §8деги мөмө жана уруктардын таралуу жолдорун жана таблицасын §9га кошуп койсо болмок.

Жогоруда апробациянын мезгилинде белгиленген мүчүлүштүктөр авторлор тарабынан оңдолду. Көрсөтүлгөн кемчиликтер ондолсо, мугалим жана окуучулар үчүн колдонууга жакшы китеп болот жана окуу-методикалык колдонмосу мугалимдерге жардам берет. Аталган окуу китепти мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу менен бирдикте басмадан басып чыгарууга сунуштоого болот.

Берилген маалыматтан кийин талкууга А.Мамытов, Б.Рыспаевалар катышып, окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмого өз пикирлерин билдиришти.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү 6-класс үчүн жазылган Табият таануубиология окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Биология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо(авт.-түз-р: Субанова М.С., Ботбаева М.Б., Жамангулова Г.) апробациядан кийин жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**15. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Технология окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 5-класс үчүн Технология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.
1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 "Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү" буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен (15 мугалим) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Технология окуу китеби Кыргызстанда биринчи жолу иштелип чыкты.

Окуу топтомдорунда сабактын иштелмелери, технологияга ылайык иллюстративдик материалдар берилген. Окуу китеби Технология боюнча предметтик стандартына жана окуу пргограммасына дал келет. Предметтер аралык байланышы бекемделип практикалык иштерди аткарууда зарыл болгон маалыматтар менен толукталган. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо сабактын максаттарын түшүнүктүү жана кошумча методикалык

иштелмелер кеңири жазылып иштелип чыккан.

Ошону менен бирге апробация учурунда эксперт Амираева Л.А. жана мектеп мугалимдери окуу китебине карата кемчиликтерди көрсөткөн:

1. Китепте мазмун туура тандалган, бирок окуучулардын жаш өзгөчөлүгүү эске алынбай калган.
2. Кээ бир терминдер түшүнүксүз, айрым сүйлөмдөрдө граматикалык каталар бар.
3. Окуу китебинде айрым темаларды түшүндүрүү үчүн материалдар аз берилген.
4. Кулинария бөлүмүндө берилген материалдарды 1-чейрекке ылайык.

Айтылган кемчилдиктерди оңдоп түзөгөндөн кийин орто мектептерде окуу китеби катары пайдаланууга болот.

**А.Мамытов:** Кулинарияны 1-чейректе окутууда логика бар: бышыкчылыкта мүмкүнчүлүктөр көбүүрөөк болот. Стандарттагы содержательные линии боюнча өзгөртүүлөр болобу?

**Ибирайым к. А.:** Апробациянын жыйынтыгы менен өзгөртүүлөрдү сунуштайбыз.

**А.Мамытов:** Анда унутпай киргизип койгула.“Бутерброд” деген сөз которулбайт, ал эми “начинка” деген сөздү которсо болот болуш керек. Ушундай сөздөрдү дагы бир жолу карап чыккыла.

**Э.Супатаева:** Какой процент учебного материала по Технологии предусмотрен для девочек, какой процент для мальчиков? Есть вещи, которые необходимы человеку. Учитывались ли вопросы безопасности детей?

**Ибирайым к. А.:** Конечно, вопросы безопасности учитывались. Есть правила безопасности поведения.

**Ж.Сулайманова (автор):** По новому стандарту нет разделения на девочек и мальчиков.

**А.Мамытов:** Кимде кандай суроо бар? Добушка коем: 5-класс үчүн Технология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү 5-класс үчүн жазылган Технология окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Жогоруда айтылгандардын, талкуунун жана добуш берүүнүн неигизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Технология окуу китеби (авт.-түз-р: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**16. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Технология окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.)сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 6-класс үчүн Технология окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү” буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17. - 27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен (13 мугалим менен) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын

жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Технология предмети боюнча окуу китеби Кыргызстанда биринчи жолу даярдалып жатат. Окуу китебинин мазмуну ырааттуу, мазмундуу түзүлгөн, негизинен оң баа берүүгө болот. Жаңы материалдар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жөнөкөйдөн татаалга карай принциби менен жазылган. Илимийлүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциптери негизинен эске алынган.

Бирок окуу китеби сынактан өтүп жатканда мугалимдер жана эксперт Амираева Л.А. төмөнкү кемчиликтерди белгилешкен:

1. Тигүү иштери, жыгачты темирди иштетүү үчүн өнөркана, тамак-аш жасоо үчүн ашкана бул шарттар учурда мектептерде каралбагандыгы эске алынган эмес.
2. Коопсуздук эрежелери окуу китебинин башталышында жайгашуусу керек.
3. Окуу китебиндеги чиймелер көбүрөөк берилип, айрым терминдердин мааниси так берилбей калган.

Андан сыркары авторлор жаңы чыккан заманбап материалдар, каражаттар менен толуктап басып чыкканга чейин иштеп чыгуулары керек. Көрсөтүлгөн кемчилдиктерди оңдоп түзөгөндөн кийин орто мектептерде окуу китеби катары пайдаланууга болот.

2. Технология окуу китебинин мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу жакшы жазылган, мугалимдер үчүн заманбап методикаларды колдонуу үчүн чоң жардам бермекчи. Эксперт, апробатор мугалимдер өз сунушунда методикалык колдонмодо предметтик стандарттын, окуу программасынын талаптарына ылайык көбүрөөк жаңы ыкмаларды киргизүү тууралуу айтышты. Жалрысынан, мугалимдер үчүн жазылган методикалык колдонмону басууга сунуштаса болот.

**А.Мамытов:** Кандай суроолор болот?

**М.Мурзаев:**КАО Эксперттерибиздин баары мугалимдер болсо, Психологдорду айтпасак болот. Экспетризага психологдорду дагы кошуу керек, китептер сапатту болушу үчүн.

**А.Мамытов:** Кол жазманы илимий экспертизаны лабораториядан өткөргөндө – бул илимий экспертиза, ал эми мугалимдер кошо катышканда – бул практикалык апробация. Февральда Окумуштуулар кеңешине апробациянын материалдары кандай даярдалды, документтер туура болдубу, карайбыз.Ошондо оң-терс жактарын караганда кеңейтсек болот. Экспертизаны араң кайтарып алдык. Бир жылда өткөрө турган апробацияны жарым жылда өткөрүп жатабыз, көрүп турасыңар. Бара-бара бардыгын оңдосо болот.

**Э.Супатаева:** В учебнике соблюдено ли оснащение кабинета?

**Д.Акматов:** Мектептердин 95% жабдылган эмес.

**А.Мамытов:** Окуу китепте метептин жабдылышы каралбайт Биз стандартты бекиткенбиз. Стандартта “Ресурсное обеспечение” деген бөлүк бар. Мектепти жабдуу райононун маселеси, милдети, мектеп директорунун милдети. Оңолүп кетет деп ишенип турабыз.

**С.Жаанбаев:** Ар бир предмет боюнча жабдуу боюнча мугалимдердин сунуштарын министрликке беребиз.

**А.Мамытов:** Терминдердин сөздүгү бар. Карап койгула, себеби кээ бир сөздөр туура эмес кетиптир. Мис., “суп” деп жүрөт.

**Э.Супатаева:** В России, например, предусмотрены посещения заводов, фабрик.

**А.Мамытов:** Работая над стандартом, об этом говорили.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул 6-класс үчүн Технология окуу-методикалык комплекс боюнча жалпысынан оң баа беришти.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү 6-класс үчүн жазылган Технология окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде, **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Технология окуу китеби (авт.-түз-р: Мамбеталиев Ч., Сулайманова Ж., Акматов Д., Келгенбаев А.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**17. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Информатика окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (**авт.-түз-р:**Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У., Кузнецов А.А., Босова Л.Л.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 5-класс үчүн Информатика окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 "Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү" буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен (34 мугалим менен) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Информатика окуу китебинин негизин россиялык информатика боюнча окуу китебинин мазмуну түзөт, аталган окуу китебине россиялык авторлор А.Кузнецов, Л.Босовалар авторлош болгон.

Окуу китептин алгылыктуу жактары:

- окуу китебинин мазмуну программага дал келгендиги;
- китептин мазмунундагы айрым предметтик түшүнүктөрдүн кыргыз тилине которулушу;
- "Компьютердик графика" жана "Информацияны коддоо" бөлүмдөрүнүн башка бөлүмдөргө караганда жакшы берилгендиги;
- методикалык колдонмосунун мугалимдерге алгылыктуулугу.

Окуу китебине коюлган негизги талаптар аткарылган. Окуу китеби мазмуну боюнча илимий өңүттө негизделген, окуу-нормативдик документтердин талаптарына жооп берет.

Ошону менен бирге сынак учурунда эксперт Ибирайым к. А. жана пилоттук мектептеринин мугалимдери төмөнкү кемчиликтерди баса белгилешкен:

1. "Объектилер жана системалар" бөлүмүн түзгөндө жаш өзгөчөлүгү эске алынган эмес.
2. Сүрөттөрдөгү, схемалардагы мисалдар, суроо-тапшырмалар практикалык өңүттө берилбей калган.
3. Терминологиялык сөздүктөр, мазмундун практикалык жагына басым жасалган эмес.
4. Сүйлөмдөр, кроссворддор толугу менен кыргызчага которулган эмес.

Көрсөтүлгөн кемчиликтер оңдолгондон кийин окуу китебин басмага сунуштаса болот. Басмадан чыга электе окуу китептин оңдолгондон экземплярын лабораториянын кызматкерлерине көрсөтүү керек.

**А.Мамытов:** Айжан, китептин пробный тиражы барбы?

**Ибирайым к. А.:** Бар. Ичинде мугалимдер берген сунуштардын негизинде оңдоолор жасалган. Эми басмага кайра берилет. Лабораториядан талкуу болду, Т.Орускулов дагы катышты.

**А.Мамытов:** Өзүңдүн эксперттик бүтүмүң жок экен. Бүтүмүң кайда?

**Ибирайым к. А.:** Берем, бүтүм бүткөн.

**М.Касымалиев:** 5-класста көбүнчө практикага көңүл бөлүнөт: электрондук почта менен иштөө, сүрөттөрдү тартып жайгаштыруу, таблица түзүү ж.б. Ошондуктан 5,6-класстарга практикалык иштерди бердик.

**Э.Супатаева:** Совпадает ли содержание предмета информатики с содержанием информатики, например, России?

**М.Касымалиев:** Да, с российской системой обучения совпадает.

**М.Мурзаев:** Ден соолугун сактоо принциптери кандай сакталган?
**М.Касымалиев:** Бизде ГОСТ боюнча андай сактоо нормативдери бекиген эмес. Эгерде 35 сантиметрден жакын отурса, эч кандай зыяны жок. Жумасына 1 жолу информатика, 45 минут. Балдар үйдө компьютерде иштеп жатышат.
**М.Мурзаев:** 5-6 жашаар неберенер компьютерди үйдө эле билсе, 5-класста информатика сабагын берүүгө зарылчылыгы барбы?
**Т.Орускулов:** Информатика илими 3 багытта өтөт: 1. Формирование мировоззрения. 2. Формирование мышления. 3. Пользовательский компонент. Совет убагында компьютерде кантип иштетебиз деген маселе болгон. Азыр андай максат койбойбуз. Информатика илиминин объекттерин карайбыз. Негизги объекттерди үйрөтүү керек. Информационный подходдун негизинде информатиканын элементтерине, мисалы, “черный пиарщик”, “управление” ж.б. ушул сыяктуу элементтерине үйрөтүш керек.
**М.Мурзаев:** Студенттерге Башын айландырып убакытты, ден соолугун алат. Ошондуктан силерге суроо: кандай окутасыңар?
**Т.Орускулов:** Информационный компонент. Компьютерде иштөөнү билген, ал информатиканы билген болуп эсептелбейт. Информатика кибернетикага жакыныраак.
**М.Мурзаев:** Интернет болгондон кийин окуучуларды кантип коргойсуңар керексиз маалыматтардан?
**Т.Орускулов:** Социальная информатика деген бар. Ал бөлүктөн плагиат жана башка түшүнүктөрдү беребиз.
**А.Мамытов:** 5-класс үчүн Информатика окуу китеби боюнча чечим кабыл алынган, программасы кабыл алынган. Азыр предметтин зарылдыгы тууралуу сөз кылбай эле коелу, китепке баа берүү керек.
2.Мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түзг-р: Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У., Кузнецов А.А., Босова Л.Л.) негизинен мугалимдерге жакындыгы белгилүү болду. Методикалык колдонмолорго карата мугалимдердин айткан олуттуу сын-сунуштары болгон жок.

Жалпысынан 5-класс үчүн Информатика окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосуна эксперт жана апробатор мугалимдер тарабынан оң баа берүүгө болот.

Талкууга А.Мамытов, Ибирайым к. А., М.Касымалиевдер катышып, жалпысынан окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмого оң баа берилди.

Талкуудан кийин 5-класстар үчүн Информатика окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти. Каршы – 0, калыс – 0.
Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап, **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**
1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн Информатика окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У., Кузнецов А.А., Босова Л.Л.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**18. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Информатика окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (**авт.-түз-р:**Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У., Кузнецов А.А., Босова Л.Л.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**
**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 6-класс үчүн Информатика окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.
**1.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик

стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү" буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен (34 мугалим менен) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Окуу китебинде дидактикалык принциптер сакталган. Главалардын структурасы туура түзүлгөн. Окуу китеби информатика боюнча предметтик стандртка жана окуу программага дал келет.

Сынак учурунда пилоттук мектептердин мугалимдери жана эксперт Ибирайым к. А. Окуу китебиндеги кемчиликтерди көрсөтүшкөн:

1. Окуу китеби тузүлгөндө 6-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүгү жана өтүлүүчү предметтер эске алынбай калган.
2. Сүрөттөр, схемалардагы мисалдар, үй тапшырмалар, терминологиялык сөздүктөр, мазмундун практикалык жагына басым жасалбай калган.

Жалпы жыйынтыгында 6-класс үчүн Информатика окуу китебинин мазмуну илимий өңүттө негизделген, окуу-нормативдик документтердин талаптарына жооп берет деген тыянак чыгарылып окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмого эксперттик оң баа берилген.

**2.** 6-класс үчүн Информатика окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо сабактардын катар номерлерин коюу тууралуу сунуштар берилген. Айтылган сунуштарды авторлор туура кабыл алып, оңдоп иштеп чыгаарын айтышты.

**А.Мамытов:** Информатика 7-класста башталчы эле. Азыр 5-класстан башталат. Логика боюнча 6-класстын окуучулары 5-класстан кийин окуу китебин окушу керек эле кийинки жылы. Бирок, 5, 6-класстар параллельно берилип жатат. Ушул туурабы? Мугалимдер ушуну сездиби? Мугалимдер 6-класстын китебин көбүрөөк мактаптыр 5-класстыкына караганда.

**Т.Орускулов:** Туура. 5-класста таптакыр жаңы материалдар кирди. Россиянын тажрыйбасына таянып түздүк. 6-класска 7-класстан материалды ылдый түшүрдүк.

**М.Касымалиев:** 5, 6-класстардын полный электрондук вариантын даярдап койдук, китеп менен кошо беребиз. Ар бир сабак боюнча презентацияларды даярдадык.

**А.Токтомаметов:** Мурда информатиканы технологиянын жанында болчу. 2020-жылы биз жаңы БУП кабыл алганы жатабыз. Ошондо информатика математиканын жанында болгону турат. Ошол туура элеби?

**Т.Орускулов:** Туура. Технологиянын жанында болуп калганы Информационная технология деп аталып калган. Россиялыктар өздөрү дагы жаңылып калган. Информатика – наука, кибернетикага жакын. Математикага жакыныраак болот.

**А.Мамытов:**Жалпысынан окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп жатабыз. Бирок, окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун оңдолуп чыккандан кийин басып чыгарууга болот. Сунуш: 6-класс үчүн Информатика окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун колдоого ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Талкуудан кийин 6-класстар үчүн Информатика окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти. Каршы – 0, калыс – 0.

Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап, **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Информатика окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Орускулов Т.Р., Касымалиев М.У., Кузнецов А.А., Босова Л.Л.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**19. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби-хрестоматиясынын, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А., Муратов А.Ж.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 5-класс үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби-хрестоматиясы жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.-түз-р: Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А., Муратов А.Ж.) боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

Аталган ОМКга эксперт п.и.д, проф. м.а. В.И.Мусаева экендигин маалымдап өттү.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 "Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү" буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Сынакка, негизинен, иш тажрыйбасы боюнча ар түрдүү болгон мугалимдер тартылган. Сынак учурунда мугалимдерден алаган анкеталардын, жекече баарлашуулардын жыйынтыгына анализ берилди.

Кыргыз адабияты окуу китебинде 5-класстын окуу программасына ылайык чыгармалар тандалган, окуу материалдары киргизилген. Тексттерди тандоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, таалим-тарбия маани-маңызы, тилинин, стилинин жатыктыгы эске алынган. Киргизилген тыным менен окутуу окуучунун адабий текстти өздөштүрүүсүнө жеңилдик түзөт. Тексттерге коюлган суроо-тапшырмалар өтүлүп жаткан теманы башка предметтер менен байланышта окутууга шарт түзөт.

Адабият теориясынан жомок, адабий жомок, макал-ылакаптар, табышмак, салыштыруу, илимий-фантастикалык чыгарма ж.б. түшүнүктөр, окуу материалдар орун алган. Тексттен тышкаркы компоненттер катары иллюстрациялар, документалдык, портреттик сүрөттөр, фотосүрөттөр жайгаштырылган.

Ошону менен бирге 5-класстын окуу китебинде кездешкен кемчиликтер көрсөтүлдү:

1. Бир нече көркөм адабий тексттер атайын майда темачаларга бөлүнүп берилсе;
2. Ар бир чыгарманын аягындагы бекемдөө, бышыктоо максатында ар бир өтүлгөн текстке ылайык синонимдер, антонимдер, омонимдер, макал-лакаптар, жаңылмачтар, сөздүк жумуштары, диалектилик сөздөр, фразеологизмдер ж.б. сунушталса;
3. Окуу китептерине атайын сүрөтчүлөр тарабынан түстүү сүрөттөр тартылбаган. Акын-жазуучулардын портреттери берилбеген, берилсе да өтө төмөнкү деңгээлде. Интернеттен көчүрүлгөн же сканирленген сүрөттөр окуучуга эч кызыксыз.
4. Шарттуу белгилер коюлбаган, шрифтер ар кандай берилген: чоң, кичине, өйдө-ылдый.
5. Кол жазмада грамматикалык жана орфографиялык каталар кездешет.
6. Авторлор тарабынан дил баяндын үлгүлөрү берилген эмес.

Жыйынтыктап айтканда, окуу китебиндеги көрсөтүлгөн кемчиликтерди жойгондон кийин авторлор экспертке жана лабораторияга алып келүүсү керек.

2. 5-класстын Кыргыз адабияты окуу китебине карата жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо төмөнкү негизги бөлүмдөр берилген:
- азыркы учур жана адабият сабагы;
- 5-класста адабиятты компетенттүүлүккө негиздеп окутуу;
- 5-класста лирикалык чыгармаларды талдоонун өзгөчөлүктөрү;

- 5-класста адабият теориясынан маалымат берүүнүн технологиялары;
- 5-класста дил баяндарды талдоо жумуштары.

Азыркы адабият сабагында колдонула турган технологиялар көрсөтүлгөн: проблемалык окутуу, концентирлеген окутуу, модулдук окутуу, өнүктүрүп-өстүрүүчү окутуу ж.б. Эксперт тарабынан авторлорго методикалык колдонмону жакшыртуу максатында сунуштар берилген: тексттин ар бир бөлүгүн окутууда окуучуларга тапшырма берүү; макалдарды ченемдөө; салыштыруу үчүн окуучуларга суроо берүү.

5-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеп-хрестоматиясынын жана анын методикалык колдонмосун айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен басып чыгарууга болот.

**А.Мамытов:** 5-6-класстын окуу китеби деп жазылып жүрөт. Эксперттер экиге бөлүп жазсын деп эскерттик эле. Сынактын отчетунда мындай жазылган: "Ушул отчетко тиркелген ар бир региондогу эксперимент жүргүзгөн ар бир мугалимдин аты-жөнү жазылып, кол коюлган сунуштарды, пикирлерди, кемчиликтерди дыкаттык менен карап чыгып, ага кол жазмаларды оңдоп, түздөп, иштеп чыккандан кийин гана басмага сунушталсын". Эксперт маалымат эле чогултуп келбеши керек, биз сиздерди адис катары жөнөттүк да. Угуш керек, бирок, кабыл ала турган сунуш бар, кабыл албай турган сунуш бар. Квалифицированный заключение керек, анализ жок. Кимде кандай суроо бар? Окуу китебиби же хрестоматиябы? Ушул жерде талаш бар да.

**В.Мусаева:** Апробация учурунда мугалимдер бизге окуу китеби керек дешти, авторлор хрестоматия эмес, окуу китеби статусунда даярдап берди.

**А.Мамытов:** Окуу китеби же хрестоматиябы деп чоң дискууссия болду эле.

**С.Байгазиев:** Кыргыз адабиятынын программасынын логикасы боюнча бул туура: тексттерди бериш керек. Окуу китеби десек программаны өзгөртүү керек. Азыр мурдагыдай болуп жатат. Окуу китеби-хрестоматия деп кетсе туура болот.

**А.Мамытов:** Окуу китеби, хрестоматиясы жок деп берилип жатат. Ошондуктан айтып жатам.

**А.Муратов:** Хрестоматия дегенди киргизбеш керек, себеби Дүйнөлүк банк конкурс жарыялаганда окуу китеби, окуу китебинин автору деп жарыялаган. Проблема болуп калышы мүмкүн. "Биринчи мугалимди" алсак, аны биз окуу китебине адаптация кылып атабыз. Эгерде окуу китеби-хрестоматия болуп калса, биз анда түзүүчү болуп калабыз.

**А.Токтомаметов:** Окуу китеби деп берсек, анан китептин ичинде чыгармалар кирсе, кандай болот? Чыгарманы толук берсеңер, авторлор сотко берет го.

**А.Муратов:** Чыгармалар канча жолу биздин китепте чыгып жатат, ошону эсептеп мураскорлор бизге талаптарды айтуусу мүмкүн. Чыгармалардын үзүндүлөрүн алабыз.

**Т.Орускулов:** Мен тажрыйбалуу адам катары айтып коеюн. Мисалы, 5-класста окуу китебин берсе, дидактический узелдери күчтүү. Белгилүү чыгармаларды бербесек болбойт да. Мурда адабий китеп 400 беттен турчу, азыр 220-240 беттен турат.

**В.Мусаева:** 5-класска чыгарманы алсак, аны микротемаларга бөлүп, Биринчи вариантта экинчи вариантта окуу китеби кылып сунуштасак болот, себеби авторлор кайрадан окуу китеби кылып иштеп чыкты.

**С.Рысбаев:** Албетте, бул китепте хрестоматиянын стилдери сакталган. Окуу китебине кандай талаптар коюлушу керек. Технологиялардын колдонулушу, суроо-тапшырмалардын системасы, педагогикалык мазмуну бар, окуу китебинин методикалык аппараты, билим берүүчүлүк жагы болушу керек. Мунун бардыгы бул китепте бар. Ошондуктан бул китепти окуу китеби деп бериш керек.

**А.Токтомаметов:** Анда бул китепте методикалык аппаратын күчөтүү керек. Темага чейин суроолорду берип, тексттердин салымын азайтыш керек.

**Г.Тагаева:** Статусун окуу китеби деп эле бериш керек.

**С.Байгазиев:** Окуу китебине жакын абалда туруп жатат. Бир эле нерсе жетишпей турат: чыгармаларга адабий талдоо жасоо, чыгарманын мазмуну эмнеде, түшүндүрмөлөрү, жөнөкөйлөштүрүү маселеси. Чыгарманын өзүн берип койгондо болбойт, ошондуктан

кыскача адабий анализ берилиши керек. Чыгарманын формасы менен мазмуну кандай айкалышкан, кандай идеяны берет, кандай нравалык мазмунду сунуштайт, кандай тарбиялык мааниси бар. Ушундай талаптар аткарылса, окуу китеби болсо болот. Мисалы, жогорку класстарда текст жок. 5-класска текст бериш керек. Окуу китеби талабы коюлса, айтылган нерселерди кошуу керек.

**К.Добаев:** Окуучулар адабиятты эмне үчүн окуйт: сюжетин, каармандарын жаттап калгангабы же адамдын ички, руханий дүйнөсүн байытуугабы? Жазуучунун кайсы жылы туулган, ушул чыгармаларды жазган – ушунун эмне кереги бар? Биз сциентисткий модельден чыга албай жатабыз. чет мамлекетте литература жок, алар чыгарманы окуйт. Ошондуктан учебник-хрестоматия деген туура болуп турат.

**С.Жаанбаев:** Стандартта жана окуу программасында окуу китеби деп жазылган, окуу планында дагы окуу китеби деп берилген. Окуу китебине гонорардын маселеси чыгат.

**А.Мамытов:** Окуу планында андай сөз жок, стандартта да жок. Бул биздин логикалык эле талап болуп жатат. Окуу планда предмет аталды, мектеп билиминде окуу китеби менен коштолушу керек деп жатабыз. Адабиятка келгенде окуу китеби жок, хрестоматия эле бар деген сөз болуп жатат.

**С.Байгазиев:** Адабият окуу китебинин мазмунунда чатак жок, мазмуну эң сонун.

**М.Мурзаев:** Адабият маселеси өтө кыйын. Адабиятты жаңы окутууда хрестоматияны колдонуу болуп эсептелет. Автор айтылган сунуштарды аткарып койсо. Окуу китеби вариантын колдойм.

**Э.Супатаева:** Считаю правильным остановиться на статусе “окуу китеби”. Это новый учебник.

**К.Добаев:** Мы сейчас говорим не о содержании, мы говорим о названии.

**С.Байгазиев:** Окуу китебинде анализ берилет. Мугалимдер чыгармалар жок дешет, ошондуктан окуу китепке чыгармаларды киргизүүсү эң сонун.

**А.Муратов:** Эмгек ырлары деген эмне, каада-салт ырлары деп жаздык. Хрестоматияны түздүк, аны биз алып келген жокпуз. Ал өзүнчө болот. Учебник-хрестоматия дегенден кетишибиз керек. Бул 5-класстын эле проблемасы эмес.

**А.Мамытов:** Анда эмесе мындай жыйынтыктайлы. 1. Окуу китеби деген пикирге көбүрөөк ынангансып турабыз. 2. Кол жазмага адабий талдоо элементтери көбөйтүлсүн, Советбек Орозканович айткандай, методикалык аппараты көбөйтүлсүн, аны сулайман Казыбаевич атты. Андан кийин окуу китеби кондицияга жеткирилсин. Добушка коем. Кыргыз адабияты окуу китеби деген статусу менен бекитилсин деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Талкуунун жыйынтыгында, Кыргыз адабияты окуу китеби катары бекитүү боюнча бир пикирге келишти. Ал үчүн авторлор методикалык аппаратты кеңейтиши керек. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо берилген сунуштарды аткаруу менен жактырылды.

Талкуудан кийин 5-класстар үчүн Кыргыз адабияты окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Асакеева Р.А., Кыдырбаева Б.А., Муратов А.Ж.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**20. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби-хрестоматиясынын, мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: (Кыдырбаева Б.А., Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А.). сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 6-класс үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби-хрестоматиясы жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо (авт.-түз-р:Кыдырбаева Б.А., Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А.) боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

Аталган ОМКга эксперт п.и.д, проф. м.а. В.И.Мусаева экендигин маалымдап өттү.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү” буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Сынакка, негизинен, иш тажрыйбасы боюнча ар түрдүү болгон мугалимдер тартылган. Сынак учурунда мугалимдерден алаган анкеталардын, жекече баарлашуулардын жыйынтыгына анализ берилди.

Кыргыз адабияты окуу китебинде 6-класстын окуу программасына ылайык чыгармалар тандалган, окуу материалдары киргизилген. Тексттерди тандоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгү эске алынган. Киргизилген тыным менен окутуу окуучунун адабий текстти өздөштүрүүсүнө жеңилдик түзөт. Тексттерге коюлган суроо-тапшырмалар өтүлүп жаткан теманы башка предметтер менен байланышта окутууга шарт түзөт.

Кол жазмада кошумча тескт катары төмөндөгүдөй адабият теориясынын окуу материалдары Алар: Эмгек ырлары, каада-салт ырлары, санат-насыят ырлары жөнүндө түшүнүктүү тереңдетүү, драма жөнүндө ж.б түшүнүктөр орун алган.

Ошону менен бирге 5-класстын окуу китебинде кездешкен кемчиликтер көрсөтүлдү:

1. Ар бир сабак өз-өзүнчө берилсе: биринчи сабак, экинчи сабак ж.б.
2. Айрым тексттер зарылчылыкка байланыштуу тынымдарга бөлүнсө;
3. Бир нече көркөм адабий тексттер атайын майда темачаларга бөлүнүп берилсе;
4. Ар бир чыгарманын аягындагы бекемдөө, бышыктоо максатында ар бир өтүлгөн текстке ылайык синонимдер, антонимдер, омонимдер, макал-лакаптар, жаңылмачтар, сөздүк жумуштары, диалектилик сөздөр, фразеологизмдер ж.б. сунушталса;
5. Окуу китептерине атайын сүрөтчүлөр тарабынан түстүү сүрөттөр тартылбаган. Акын-жазуучулардын портреттери берилбеген, берилсе да өтө төмөнкү деңгээлде. Интернеттен көчүрүлгөн же сканирленген сүрөттөр окуучуга эч кызыксыз.

Жыйынтыктап айтканда, окуу китебиндеги көрсөтүлгөн кемчиликтерди жойгондон кийин авторлор экспертке жана лабораторияга алып келүүсү керек.

2. 6-класстын Кыргыз адабияты окуу китебине карата жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо төмөнкүдөй методдорду колдонуунун жол-жобосу сунушталган:

- эвристикалыкметоду;
- изилдөөчүлүк методу;
- репродуктивдүү метод;
- долбоорлор методу жана анын этаптары.

Адабиятты башка предметтер менен байланышта окутуу технологиялары каралып, оюн сабактары, интерактивдүү семинар сабагы, презентациялардын үлгүлөрү менен берилген.6-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеп-хрестоматиясынын жана анын методикалык колдонмосун айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен басып чыгарууга болот.

Талкууга А.Мамытов, А.Токтомаметов, Ибирайым к. А., С.Байгазиевдер катышып, өз пикирлерин билдиришти. Талкуунун жыйынтыгында, Кыргыз адабияты окуу китеби

катары бекитүү боюнча бир пикирге келишти. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо берилген сунуштарды аткаруу менен жактырылды.

Талкуудан кийин 6-класстар үчүн Кыргыз адабияты окуу китебин, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосун отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Кыргыз адабияты окуу китеби, мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (авт.-түз-р: Муратов А.Ж., Абдухамидова Б.А., Акматов К.К.) апробациянын жыйынтыгы менен жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**21. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн Музыка окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 5-класс үчүн Музыка окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

Аталган окуу китебине жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосуна КББАнын а.и.к. Ж.Дүйшөналиев эксперт болгон.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү” буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулду. Окуу китептерин апробациялоого катышкан 18 мугалим менен эксперт иш сапар учурунда жолугуштук. Бул иш сапардагы жолугушуулардын негизги максаты – апробаторлордун иш жүргүзүүлөрүн, алардын Музыка предмети боюнча окуу китебин жана мугалимдер үчүн колдонмонун практика жүзүндө пайдалангандыгын, алардын предмет боюнча берилген жумушчу күндөлүктөрдү толтурушкандыгына байкоо жүргүзүү, апробаторлор мугалимдер менен маектешүү жана апробаторлордон анкета алуу болгон.

5-класс үчүн жазылган окуу китеби предметтик стандарттын жана программанын негизинде жазылган. Белгилүү дидактикалык принциптерге ылайык түзүлгөн. Ошону менен бирге апробация учурунда эксперт жана мектеп мугалимдери төмөнкү кемчиликтерди белгилешти:

- “Музыканы уктуруу” жана “Ырды аткаруу” үчүн берилген музыкалык чыгармаларда окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, үн диапазону эске алынбай калган;
- темалардын мазмунун ачып берген сүрөттөрдүн, ноталык материалдардын авторлору жазылбай калган;
- музыкалык сөздүктөр так, далилдүү берилген эмес;
- кроссворддордун зарылдыгы жок экендиги айтылды.

Жалпы жыйынтыктап айтканда окуу китебинин мазмунунун илимий жактан негиздүү түзүлгөн, окуу-ченемдик документтердин жалпы талаптарына жооп берет. Окуу китеби учурдагы билим берүү системага карата окуучулардын 5-класска ылайык музыкалык билимге, тарбияга ээ болушуна карата шарт түзөт. Ошондуктан жалпы эксперттик оң баа берилди. Айтылган сунуштар, кемчиликтер оңдолуусу керек.

2. 5-класс Музыка окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмо талапка ылайык түзүлгөн. Колдонмодо сабактардын үлгү иштелмелери берилген. Музыка сабагын өтүү ыкмалары көрсөтүлгөн.

Талкууга А.Мамытов, Ибирайым к. А., М.Мурзаевдер катышып, суроолор берилип, жооптор алынды. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15

мүчөсү Музыка окуу китебин жана окуу китебине жазылган методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Музыка окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо(авт.-түз-р: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**22. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Музыка окуу китебинин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (авт.-түз-р: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 6-класс үчүн Музыка окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

Аталган Музыка предмети боюнча 6-класстын окуу китебине жана мугалимдер үчүн колдонмосуна, а.и.к. Ж.Дуйшеналиев эксперт болгон.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү” буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17.-27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт 18 мугалим менен жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин Музыка предмети боюнча окуу китебин жана мугалимдер үчүн колдонмонун практика жүзүндө пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, аларды күндөлүктөрдү толтурушуна байкоо жүргүзүү, апробаторлор менен баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Эксперт тарабынан жана сынакка катышкан пилоттук мектептердин мугалимдери окуу китеби боюнча төмөнкү кемчиликтерди белгилешкен:

- “Музыканы уктуруу” жана “Ырды аткаруу” үчүн берилген музыкалык чыгармаларда окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, үн диапазону эске алынбай калган;
- темалардын мазмунун ачып берген сүрөттөрдүн, ноталык материалдардын авторлору жазылбай калган;
- музыкалык сөздүктөр так, далилдүү берилген эмес;
- кроссворддордун зарылдыгы жок экендиги айтылды.

Жыйынтыгында окуу китептин жалпы мазмуну илимий өңүттө негизделишине, окуу-ченемдик документтердин талаптарына жооп берилишине жана билим берүү системага карата окуучулардын 6-класска ылайык музыкалык билимге жана тарбияга ээ болушуна карата эксперттик оң баа берилди. Аталган кемчиликтерди окуу китеби басмадан чыга электе оңдоо керек.

2. 6-класс Музыка окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмо талапка ылайык түзүлгөн. Колдонмодо сабактардын үлгү иштелмелери берилген. Музыка сабагын өтүү ыкмалары көрсөтүлгөн.

Талкууга А.Мамытов, Ибирайым к. А. катышты, жалпысынан оң баа берилди. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү Музыка окуу китебин жана окуу китебине жазылган методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Музыка окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо(авт.-түз-р: Муратова А.М., Артыков К.Ж.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**23. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класстары үчүн Көркөм өнөр окуу китебинин (авт.: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түз-р: Оторбекова А.М., Акматов Д.А.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 5-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 "Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү" буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17. - 27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт Амираева Л.А. мугалимдер менен (20 мугалим) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Көркөм өнөр предмети боюнча окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо Кыргызстанда алгачкы жолу иштелип чыгып жатат.

Окуу китебинде сабактын иштелмелерин, көркөм өнөр сөздүгү, тесттер, жергиликтүү жана дүйнөгө таанымал айрым сүрөтчүлөрдүн өмүр баяны камтылган. Окуу китеби 34 саатка эсептелинип, бекитилген предметтик билим берүүнүн стандартына жана окуу программасына дал келет. Окуу китебинде балдардын кызыкчылыгы, ой жүгүртүүсү, психологиялык өзгөчөлүгү эске алынган. Жөнөкөй жана баланын сезимин ойготуучу иллюстрациялардын киргизилиши окуучунун жаңы идеяларды өздөштүрүүсүнө, түшүнүүсүнө түрткү берет.

Ошону менен бирге окуу китебине карата төмөнкү кемчиликтер белгиленди:

**1**. Берилген ар бир теманын тексти, андагы иллюстрациялар окуучунун аны өздөштүрүүсүнө ыңгайлуу болуп, иштөөсүнө мүмкүндүк түзүлгөн эмес.

**2.** Окуучуларга сүрөттөрдү тартканга, көлөмдүү иштерди жасаганга этап-этабы менен көрсөтмөлүү сүрөттөр аз берилген, көбөйтүш керек.

**3**. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо 2-3 сааттан берилген темаларда окуучулар эмнелерди аткарары так көрсөтүлбөй калган.

5-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китебинин авторлору, окуу китеби басмага берилгенге чейин жогоруда айтылган мугалимдердин сын-пикирлерин, кошумча-алымчаларды эске алып чогуу биргеликте кайра карап, иштеп чыгуулары зарыл.

Көрсөтүлгөн кемчиликтер оңдолгондон кийин 5-класс үчүнКөркөм өнөр окуу китебин орто мектептерде пайдаланууга болот.

2. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмодо эксперттин пикиринде олуттуу каталар кетирилген эмес. Айрым сүйлөмдөрдүн татаал түзүлгөн. Айтылган сындар түзүүчүлөр тарабынан толугу менен оңдолгон, мугалимдер үчүн усулдук колдонмо ушул турумунда мектептерде колдонууга болот.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү 5-класс үчүнКөркөм өнөр окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча өз пикирлерин билдиришти.

**Э.Супатаева:** Есть учебник по рисованию за 3 класс. Он не совпадает с реальными возможностями детей. Учебник один, есть требования к ученику, а ученик не может выполнить задание. Когда шла апробация учебника для 5 класса, это принималось во внимание?

**Д.Акматов:** Окуу китептерине башталгыч класстардын китеби негиз болгон. Мугалимдер өздөрү түшүнбөй калышат, мугалимдердин жетишпегендиги чоң проблема. Мугалим өзү түшүнбөсө, балдарга кантип түшүндүрөт.

**Э.Супатаева:** Российский стандарттагыдайбы?

**А.Мамытов:** Маданият элдики, кыргыздыкы болуш керек.

**Э.Супатаева:** Учитывался ли опыт России?

**Д.Акматов**: Сиз айтып жаткан академик Неменский, Кузиндердин системасын, тажрыйбасын, окуу китептерин жакшы билем. Биздики нукра кыргыздын колоритинде түзүлгөн.

**А.Мамытов:** Добушка коем: 5-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу жактырылсын деген чечимге ким макул? Каршы? Калыс? Бардыгы макул. Чечим кабыл алынды.

Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 15 мүчөсү 5-класс үчүн жазылган Көркөм өнөр окуу китебин жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмону колдоп добуш беришти, каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китеби (авт.-түз-р: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу(түз-р: Оторбекова А.М., Акматов Д.А.)апробациядан кийин жактырылсын.
2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**24. Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстары үчүн Көркөм өнөр окуу китебинин (авт.: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмонун (түз-р: Жамангулова К.Ү., Акматов Д.А.) сынактан кийинки жыйынтыгы жөнүндө.**

**Угулду:** Технология, искусство жана ден соолук маданияты тармактарынын проблемалары лабораториясынын башчысы Ибирайым к. А. 6-класстын Көркөм өнөр окуу китеби жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмо боюнча сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат берди.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 7 июлундагы №931/1 “Республиканын жалпы билим берүүчү мектептеринде предметтик стандарттарды жана окуу-методикалык комплекстерди апробациялоо жөнүндөгү” буйругунун негизинде 2017-ж. 2.09.17. - 27.12.17. чейин апробация иштери жүргүзүлгөн. Жогорудагы буйруктун негизинде КББАда 2 иш сапар уюштурулуп, эксперт мугалимдер менен (20 мугалим) жолугушкан. Жолугушуунун негизги максаты – сынактын жүрүшүн, мугалимдердин ОМКларды пайдалануу ишмердүүлүктөрүн, алардын күндөлүктөрдү толтурушун байкоо, баарлашуу жана алардан анкета алуу болгон.

Окуу китеби 34 саатка эсептелген, Көркөм өнөр боюнча бекитилген предметтик стандартка жана окуу программасына дал келет. Окуу топтомдорунда сабактын иштелмелерин көркөм өнөр сөздүгү, тесттер, темага ылайык иллюстративдик материалдардын берилгендигин, жергиликтүү жана дүйнөгө таанымал айрым сүрөтчүлөрдүн өмүр баяны камтылган.

Апробация учурунда эксперт жана мектеп мугалимдери тарабынан окуу китебине карата төмөндөгүкемчиликтер көрсөтүлгөн:

1. Иллюстрацияларда жергиликтүү сүрөтчүлөрдүн чыгармалары аз берилген.
2. Айрым терминдердин түшүндүрмөсү, сүйлөмдөр түшүнүксүз берилген.
3. Окуучулардын практикалык иштерди аткарууда этап-этабы менен көрсөтмөлүү сүрөттөр аз берилген.
4. Мугалимдер үчүн усулдук колдонмодо үч сааттык сабактарда окуучулар үчүн тапшырмалар сааттарга бөлүнүп конкреттүү берилген эмес.

6-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китебинин авторлору окуу китеби басмага берилгенге чейин жогоруда айтылган мугалимдердин сын-пикирлерин эске алып оңдоп чыккандан кийин окуу китеби катары пайдаланууга болот.

2. Көркөм өнөр окуу китебине жазылган мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу башталгыч класстардынокуучулары үчүн чыккан Көркөм өнөр окуу китептерине уланмалуулук принциби эске алынган. Айрым сүйлөмдөр түшүнүксүз, татаал болуп калган, ошондой эле грамматикалык каталар кездешет. Мектептин мугалимдери жана эксперт тарабынан белгиленген кемчиликтерди авторлор оңдошту.

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо учурдун талабына ылайык жазылгандыктан мектептерде колдонууга сунушталат.

Окумуштуулар кеңешинин отурумга катышкан 15 мүчөсү 6-класс үчүн Көркөм өнөр окуу-методикалык комплекс боюнча өз пикирлерин билдирип, окуу китебин жана методикалык колдонмону бир добуш менен колдошту. Каршы – 0, калыс – 0.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1.Жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класс үчүн Көркөм өнөр окуу китеби (авт.-түз-р: Акматов Д.А., Орозобаев А.К.) жана мугалимдер үчүн методикалык колдонмосу (түз-р: Жамангулова К.Ү., Акматов Д.А.) апробациядан кийин жактырылсын.

2. Басмалар окуу китебинин басып чыгаруунун алдындагы нускасын макулдашууга Кыргыз билим берүү академиясына жөнөтсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,**
**п.и.д., профессор** **А.Мамытов**

**Окумуштуу катчы** **А.Ниязова**